Уруктарды жыйноодо алардын сапатын эске алуу керек. Жыйноо башталганга чейин токойдогу энелик-арча дарактар каттоодон өтүп, алардын ичинен өтө бай түшүм, же болбосо жакшы түшүмү бар дарактар гана тандалып алынат. Ар бир өтө бай түшүм берген арча дарагынын шактарынын ар тарабынан 30-50 даана мөмөтобурчак сыноого алынып, уруктарды ортосунан кесүү жолу менен алардын сапаттуулугун аныкташат. Жакшы сапаттагы уруктардын негизги белгиси болуп, түйүлдүктүн ак түстө болушу эсептелинет, ал эми калгандары болсо сапатсыз бош уруктар, түйүлдүгү сары же кара түстөгү жыгачтай катуу уруктар. Эгерде текшерилген уруктардын сапаты 50 пайыздан төмөн болсо, андай арча аянттарынан уруктарды даярдоо максатка ылайык келбейт.

Уруктарды жыйноонун негизги эрежелери:

1. Уруктарды арчалардын түрлөрүнүн бири бири менен аралашып өскөн аянтчаларынан даярдоого болбостугу.

2. Уруктарды даярдоону негизинен өтө бай түшүм, же болбосо жакшы түшүм катталган жылдары жүргүзүлүшү.

3. Жыйналган уруктардан сөзсүз түрдө, түшүмү болбой калган жылдарды камсыздандыруу үчүн, атайын урук запастарын түзүп коюшу керек.

Жыйналган уруктар эленип (ылгоо) жана жууш жолу менен сорттолот, ылгангандары (ийне жалбырактардан жана башка аралашмалардан тазаланат), андан соң кургатылып, кайра иштетүүгө чейин кургак, салкын жайда 5 жылга чейин сактоого болот.

Даярдалган ар бир уруктардын бөлүкчөлөрүнө паспорт түзүлүп, алардын үлгүлөрү уруктардын сапатын аныктоочу лабораторияларга жөнөтүлөт.

Уруктардын сапаттуулугун жогорулатуу иштери токой-үрөнчүлүк тилкелерге байланыштуу болот. Аларды табигый

арча токойлорунан бөлүп алып уюштуруу – бул өзүнүн мурастык касиеттери менен бааланган өтө сапаттуу уруктарды алуунун алгачкы жана эң зарыл шарттары болуп саналат. Арчанын ар бир түрү үчүн өз-өзүнчө токой-үрөнчүлүк тилкелер тандалып алынат

Плюс дарактарды тандап алуу алардын комплекстик белгилери боюнча жүзөгө ашырылат:

◊ Дарактардын сөңгөктөрүнүн формасы жана сапаты, өсүү ылдамдыгы.

◊ Дарактардын шактары коюу жана жакшы өнүккөн, алардын көп сандаган коюу ийне жалбырактуу бутактардан турушу, эч кандай илдеттердин болбошу.

◊ Дарактардын таза чың болушу, же болбосо өтө аз өлчөмдөгү илдеттер жана зыянкечтерден жабыркаланышы.

◊ Өтө бай түшүмдүүлүк, уруктардын канагаттандырарарлык сапаты жогорку түшүм маалында 50 пайыздан төмөн болбошу.

◊ Токой-үрөнчүлүк тилкелер үчүн эң чоң байлык, ар бир жылдан кийин урук берүүчү дарактардын катталышы, себеби мунун өзү уруктарды даярдоону бир кыйла жеңилдетет.

◊ Арча дарактарын көбөйтүү жана чаңдаштыруучу катары пайдалануу үчүн, атайын аталык плюс дарактар дагы, тандалып алынышы зарыл.

◊ Токой-үрөнчүлүк тилкелерди тандоодо плюс дарактардын «гүлдөшүнүн» фенофазалары төп келиши зарыл, мында чаңдаткычтын түшүмгө жана уруктун сапатына таасири эске алынат.

◊ Элита дарактарды жана токой-үрөнчүлүк тилкелерди тандоо бир өңчөй токойлордо гана жүргүзүлөт. Тандалып алынган плюс дарактар натыйжада энелик токой-үрөнчүлүк плантациялардын негизин тузүшү керек.

◊ Өзүнүн мурастык касиеттери менен тандалып алынган баалуу, мыкты формалардан энелик плантацияларды түзүү узака созулушу мүмкүн, бирок ал өтө маанилүү жана зарыл иш.

### Арчанын уруктарын себүүгө даярдоо.

Арчанын уруктары эки жылда бышып жетилет, алардын негизги белгилери мөмөтобурчактардын түсүнүн жашылдан кара-пушту же кара-кырмызы түскө өзгөрүшү болуп саналат.

Бышып жетилген уруктар «физиологиялык терең уйкуга» кетет, аны токтотуу үчүн өзгөчө шарттар талап кылынат. Бул үчүн «физиологиялык терең уйкуга» кете элек, жаңы эле жыйналып алынган уруктарды күздө себүүгө болот. Уруктардын бышып жетилиши менен алардын «физиологиялык уйкуга» кетишинин ортосундагы мезгил кыска, ал 10 күндөн 20 күнгө чейинки убакытты түзөт. Бул убакытты аныктоо өтө татаал, анткени бул процесстин так жана сырткы белгилери болбойт. Ошондуктан өндүрүштүк шарттарда массалык түрдө уруктарды себүүдө аны баамдоо өтө татаал.

Уруктарды себүүгө даярдоо иштери, кайрадан иштетилип, кабыктарынан тазаланган уруктар аркылуу жүргүзүлөт. Бул иштер кийинки жылдын июль айынын башталышында – тикеден-тике себүүнүн алдында жүргүзүлөт.

Мөмөтобурчактарды же болбосо тазаланган уруктарды жыйналган жылы себүү эч кандай өнүм бербейт, тек гана бирин-серин өнүмдүн пайда болушу күтүлөт. Атайын даярдыктан өтпөгөн мөмөтобурчактарды себүү натыйжасыз, себеби өнүп чыгуу процесси 2-3 жылга жана андан да көп убакытка созулат.

Уруктарды себүү (атайын даярдыктан өткөн мөмөтобурчактар) 2500 метр бийиктиктеги жерлерде июль айынын ортосунда, 2000 метр бийиктиктеги жерлерде август айынын башталышында, ал эми бир кыйла төмөнкү бийиктиктеги жерлерде август айынын ортосуна чейин жүргүзүлөт.

Уруктарды кайра иштетүүнүн мааниси, аларды мөмөтобурчактын сырткы кабыктарынан тазалоону түшүндүрөт. Бул үчүн мөмөтобурчактар марганец-кычкыл калийдин 0,05 пайыз эритмесине 2-3 суткага чыланып коюлат (кабыктын чайырдуу заттарын эритүү жана үрөндөрдүн бир эле мезгилдеги дезинфекциясы). Андан кийин мөмөтобурчактар чыпкыланат жана уруктардын кабыктарынан толук бөлүнгөнгө чейин бири-бирине сүртүлөт, андан соң 3 миллиметрден ашпаган жылчыктары бар электен суу аркылуу тазарганга чейин жуулуп, толук чубурулганга чейин кургатылат.

Кургатылган уруктарды кайрадан суу куюлган идишке салышат, себеби алардын ичинен бош жана жабырланган уруктар, кабыктардын калып калган бөлүкчөлөрү суудан

калкып чыгышат. Идиштин түбүнө чөгүп кеткен уруктар чыпкыланып, ортосунан кесүү жолу менен алардын сапаты аныкталынат, бир аз кургатылгандан кийин уруктар себилет. Уруктарды суу аркылуу жуу иштери (флотация) бир нече жолу кайталашат (эгерде уруктар талап кылынган сапатка жетпесе).

Мөмөтобурчактарды кайра иштетүүнү механикалык жол менен паста даярдоонун негизинде жүргүзүү бир кыйла натыйжалуу жана үнөмдүү болот.

Тобурчактарды машина менен кайра иштетүүнүн мааниси кабыкты жумшартуу үчүн мөмөтобурчактарды алдын-ала 2-3 суткага чылап коюуда, машина менен кайра иштетүүдө ага мөмөтобурчактар менен бир эле учурда шорголоп аккан суу берүүдө жатат. Мына ушундай кайра иштетүүдөн кийин уруктар кургатылат жана суу аркылуу жууш иштери кабыктын калдыктарын, бош жана жабырланган уруктарды бөлүп салууга мүмкүнчүлүк берет.

Уруктардын анчалык чоң эмес партиясын кесип текшерүү менен (1000 даанга чейин) сапатынын мыктылыгы аныкталат. Бул арчанын уруктарын себүүнүн нормаларын аныктоо үчүн негиз болуп саналат. Кайталап жууш – флотация менен уруктардын сапатынын мыктылыгын 75-85 пайызга чейин көтөрүүгө болот.

Уруктарды кабыктардан ажыратуу процессин, башка ыкманы колдонуу менен бир кыйла жеңилдетүүгө болот:

Күзүндө жыйналган арчанын мөмөтобурчактарын даярдоо мезгилинен тартып себүүгө чейин (июнь айы) токойдо сакталат. Бул үчүн тазаланган аянтча же анчалык терең эмес (25-30 см) чуңкур казылат. Чуңкурдун астына шагыл таштар төшөлөт (ашыкча суулар токтолуп калбасы үчүн). Мөмөтобурчактар 10-15 сантиметрден ашпаган бирдей калыңдыкта чуңкурга салынып, тегизделет, андан соң нымдаштырылат жана жерге түшкөн жалбырактар, чөптөр менен ныкталып жабылат. Июнь айынын башында – аба ырайы кургакчыл, ысык болуп турган мезгилде мөмөтобурчактар сыртка чыгарылып, аларды кабыктарынан арылтуу иштери жүргүзүлөт. Ушундай жол менен сакталган уруктар чала чирип бараткан кабыктарынан тез ажырашып, тазалоо процесстери көп чыгымдарды талап кылбайт. Андан кийин уруктар жуулуп, сорттолуп, калкып чыккан ар кандай бөлүкчөлөрдөн ажыратылып, себилет же болбосо стратификацияга коюлат.

**Арчанын уруктарын стратификациялоо.**

Атайылап себүүгө даярдалбаган арчанын уруктары тегиз өнүм беришпейт. Ушул себептен, узагыраак мөөнөттө кечирээк пайда болгон өнүмдөр өсүп жетилбегендиктен зыянга учурашат.

Уруктарды стратификациялоо – өнүмү татаал болгон уруктарды 1-5 градус температурадагы нымдуу кумда, чым көңдө, эңилчекте же өнүмүн тездетүү үчүн кардын катмарларында кармоо.

Арчанын уруктарын стратификациялоо - себүү алдында даярдык көрүүнүн маанилүү ыкмасы, бул уруктардын (терең уйкудагы) абалынан алып чыгыш үчүн көрүлгөн чара болуп эсептелинет. Стратификациялоонун жалпы шарттары төмөнкүлөр:

◊ айкын температуралык режим;

◊ нымдуулук, суу, кычкылтек, жарык жана жылуулук

Стратификация себүүнүн биринчи жылында тегиз өнүмдүн пайда болушуна мүмкүндүк берет, ансыз көчөттөрдүн бир кылка болушу бир нече жылга созулуп кетет.

Арчанын уруктары үчүн стратификациянын 2 мөөнөтү аныкталган:

Биринчи мөөнөттө арчанын уруктарына 2,5-3 айдын ичинде жогорулатылган температуралык авалда болушу керек, оң таасир берүүчү натыйжалуу температуранын суммасы 1100-1200 градуска жетиши керек. Кошумча шарт - жетиштүү нымдуулук, жарык жана кычкылтек. Биринчи мөөнөттүн акырында уруктарда нымдын сакталышы 4-6 эсеге көбөйөт жана уруктардын бир кыйла бөлүгү көөп өнүм берүүгө даяр болуп калган болот.

Арчанын уруктарын стратификациялоонун экинчи мөөнөтүнүн мааниси уруктарды 70-80 күн бою 0 градустан 5 градуска чейинки төмөндөтүлгөн температурада, жетиштүү нымдуулукта жана салкын абада кармап туруудa жатат. Андан кийин уруктар себилгенге чейин нөлдөн бир аз төмөнкү же болбосо нөлгө жакынкы температурада сакталышы керек. Стратификациядан өткөн уруктар питомникте даярдалган кыртышка эрте жазда себилет.

Стратификациялоонун артыкчылыктары:

1) себилген учурдан тартып (июль) кеч күзгө чейин, аларды сугаруу жана карап багууга кошумча чыгымдардын каралбагандыгы;

2) уруктардын чычкан сымал кемирүүчүлөр тарабынан жабырланышынын кескин түрдө төмөндөшү;

3) уруктардын жазгы нөшөр менен жуулуп агып кетүү ыктымалдуулугу аз өлчөмгө чейин төмөндөлүшү;

4) бардык уруктар жеткиликтүү ·нымдаштырылып, жакшы стратификациядан өткөрүлдү, мындай шарттарга жайкы-күзгү себүүлөрдө жетишүү татаал иш.

Уруктарды стратификациялоонун эки: кышкы жана жайкы ыкмасы иштелип чыгарылган (А.В.Чуб боюнча)

*Кышкы стратификациялоону* жылытылуучу жайда адаттагыдай бөлмөдө, октябрь айынын башталышынан январь айына чейин жүргүзүшөт.

Бул үчүн кабыгынан алдын-ала тазаланган арчанын уруктары марганец калийдин 0,05 % эритмесинде бир сутка бою чыланат. Андан кийин уруктар чыпкыланат жана андан ары аларды аралаштырып турууга ыңгайлуу болуш үчүн бышык таар каптын үчтөн бир көлөмүнө салынат, же болбосо уруктар, нымдын ашыкчасын жок кылуу үчүн түбүнө эңилчек, саман же чөп төшөлгөн тепшилерге окшош идиштерге, салынышы мүмкүн. Уруктардын үстүн таар же урук салынган каптар менен жабышат, же арча уруктары 10-15 см. калыңдыкта салынат. Кургап калуудан сактоо үчүн уруктардын үстүнөн кайрадан сууланган таарлар жабылат. Ар бир 5-7 күндөн кийин уруктар которулуштурулуп жана аралаштырылат, ал эми каптагылары аңтарылат. Зарылдыгы болсо уруктар кайрадан нымдаштырылат.

Январь айынын башталышында уруктар эшике чыгарылып, карга көмүлөт, ошол бойдон апрель айынын башталышына чейин кардын ичинде сакталат. Апрель айынын башында уруктар марганец-кычкыл калийдин эритмеси менен кайрадан иштетилип, чубурулуп түшүү абалына чейин көлөкөдө кургатылат. Себүүнүн алдында уруктар өнүп чыга баштайт.

Себүү иштери адаттагы ыкма менен жүргүзүлүп, 8-15 күндөн кийин өнүмдөр пайда боло баштайт. Кышкы стратификация айрым татаалдыктарга карабастан, күздө жыйналган уруктардын өнүп чыгышына мүмкүндүк берет.

*Жайкы стратификациялоо* имараттан тышкары көлөкө түшкөн жерде же чоң сыйымдуулуктагы идиштерде, же өлчөмдөрү боюнча тийиштүү чуңкурларда, кышкы стратификациялоонун шарттарын сактоо менен июль айынын

башталышынан тартып кышкы жаан-чачындарга чейин тазаланган уруктар менен ишке ашырылат, б.а. уруктарды марганец-кычкыл калий эритмеси менен сөзсүз түрдө иштетүү жана нымдуулук менен абанын толук шарттарын сактоо керек.

Уруктар 2,5-3,0 айдын ичинде аба температурасынын жогорулатылган шарттарында кармалат. Андан кийин кышкы жаан-чачын болгонго чейин себүү иштери жүргүзүлөт, же уруктар мурдагыдай эле эле карга көмүлөт (эгерде уруктар чуңкурларда жайгашса, алар жазга чейин кар менен көмүлөт), анан соң эрте жазда себүү иштери жүргүзүлөт. Мындай учурларда өнүмдөр уруктар даярдалгандан кийин бир жылдан кийин пайда болушат.

Арчанын уруктарын стратификациялоону кабыктарынан тазаланбаган былтыркы жылкы уруктар (мөмөтобурчактары) менен да жүргүзүүгө болот. Июль айынын башында түштүк тараптагы ачык жантайма беттериндеги жакшы дренаждалган кыртышка тереңдиги 30-40 см, туурасы 50 см., уруктардын көлөмүнө жараша узундугу 5-10 метрге жеткен чуңкур казылат. Эгерде кыртыш чоподон турса, чуңкурдун түбүнө 10-15 см. калыңдыкта майда шагыл салынат, бул учурда чуңкурду 10-15 см ге тереңдетүү керек. Ашыкча суулар сиңип кетичүү катмарга эңилчек төшөлөт, эгерде ал жок болсо, аны агын суудагы кум же марганец-кычкыл калийдин эритмеси же формалин менен иштетилген жыгач таарындысы менен алмаштырууга болот. Уруктар 10-15 см. калыңдыкта жайылта салынат, үстүнөн чөп же эңилчек менен жабылат. Уруктар мезгил-мезгили менен нымдаштырылат. Жогорулатылган нымдуулуктун жана салкындатылган абанын шарттарында уруктар суук түшкөнгө чейин жылуу даярдыктан өткөрүлөт. Ал эми кыш мезгилинде уруктар кар менен жабылат. Эрте жазда уруктар чуңкурдан алынып, кабыктарынан оңой эле тазаланат. Тазаланган уруктарды жуугандан кийин дароо эле себүүгө болот.

Уруктардын жылуу стратификациялоодон өткөрүлүшүнүн көрсөткүчү уруктарды каптап турган сөөктөй катуу кабыктын жарылышы болуп саналат. Арчанын уруктарын стратификациялоодо эңилчектерди пайдалануу төмөнкү себептер боюнча максатка ылайык жана артыкчылыкта болот:

◊ эңилчектер өтө чоң ным сыйымдуулука жана суу өткөргүчтүкө ээ;

◊ ным менен абанын өтө ыңгайлуу шарттарын түзөт;

◊ антисептикалык касиеттерге ээ, уруктарды микроорганизмдерден жабырлануудан сактайт.

Арчанын уруктарын стратификациялоонун бардык ыкмаларындагы маанилүү учур - арчанын уруктарынын 2,5-3,0 ай бою жылуу мезгилде болуп, суммасы 1100-1200 градустка жеткен натыйжалуу температураны кабыл алышы болуп саналат. Экинчи учур - уруктар 0 градустан 5 градуска чейинки төмөнкү температурада кармалышы. Мындай суук абалда кармоонун мөөнөтү 70-80 күндү түзөт.

Стратификациялоонун андан кийинки талабы уруктардын жеткиликтүү нымдуулукта жана таза салкын абада болушу.

Кабыктан тазаланган уруктарды питомниктерде жай айларында сепкен мезгилде, топурактын нымдуулугу жана абанын туруктуулугу жеткиликтүү болсо, стратификация табигый жол менен жакшы өтөт. Жогоруда аталган шарттардын бирөө гана сакталбаса, өнүмдүн санынын кескин түрдө азайышына алып келип, өнүү процесстеринин бир нече жылга созулушуна алып келет.

## Уруктарды себүүнүн нормалары

Уруктарды себүүдө алардын жарамдуулугунун негизги көрсөткүчү, уруктун сапатынын мыктылыгы болуп саналат, ал 12 пайыздан 70 пайызга чейин жетип, жана андан дагы жогору болушу мүмкүн. Арчанын уруктарынын сапатынын мыктылыгын кесип текшерүү аркылуу мөмөтобурчактарды даярдоонун алдында аныкталат (толук жана ак түстүү болууга тийиш).

Мөмөтобурчактар кайра иштетилгенден кийин, уруктар жуулуп, боштору, жабырлангандары бөлүнгөндөн кийин, уруктардын сапаттуулугу кескин түрдө жогорулайт, ошондуктан тазаланган уруктардын сапаттуулугун кайрадан аларды кесип текшерүү аркылуу аныкталат. Кайра-кайра кайталап жуу менен уруктардын сапаттуулугун 80-90 пайызга чейин жеткирүүгө болот. Арчанын уруктарынын себүүнүн

нормасын, себүү катарларынын бир метр аянтына 80-120 даана өсүмдүктүн оптималдуу санына жана коюулугуна жараша, жана 1000 даана уруктун орто салмагына карата негизделип эсептелинет. Бул көрсөткүч зеравшан арчасы үчүн – 45-56 г. түзөт, жарым шар арчасына – 17-20 г., ал эми түркстан арчасы үчүн – 150-170 г. түзөт.

Арча уруктарынын себүү нормалары төмөнкү формула боюнча эсептелинет (А.В.Чуб боюнча):

**N = A x 100УД x K,**

N – уруктардын себүү нормалары грамм менен;
А – 100 даана уруктун салмагы грамм менен;
Д – уруктардын сапаттуулугу (% менен);
К – кыртыш өнүмүнүн коэффициенти (2 ге барабар).

Көчөттөрдү өстүрүүнүн ар түрдүү ыкмаларында уруктарды себүүнүн нормалары ар башкача. Себүүнүн нормасын аныктоонун бир кыйла жөнөкөй ыкмасы, жогорку сапаттуулуктагы (80-90 %) уруктардын 1000 даанасын, узундугу 1 м. жана туурасы 10 см. болгон себүү катарына себүү болуп эсептелинет. Уруктардын 1000 даанасынын орточо салмагын, бүткүл аянттагы жөөктөрдүн узундугуна жөнөкөй көбөйтүү аркылуу болгон аянтка канча урук зарптала тургандыгы чыгарылат. Ал эми уруктардын сапаттуулугуу төмөн болгон учурда ушуга жараша уруктардын себүү нормалары көбөйүшү мүмкүн.

## Питомник үчүн аянтты тандоо

Арчанын ар бир түрүнө карата, аныкталган бийиктик чектер жана табигый-климаттык шарттардын белгилүү комплекси дал келет. Оптималдуу бийиктиктер зеравшан арчасынын өнүгүшү үчүн 1700-2200 м., жарым шар арчасы үчүн – 2000-2500 м., түркстан арчасы үчүн – 2500 метрден жогору болушу саналат. Ошондуктан питомниктерди арчанын белгилүү түрүнүн жайланышкан аянтына карай, көбүнчө анын жогорку чегине жакын жайгаштыруу керек. Бул өсүмдүктөрдү көчүрүп тигүү иштерин, алардын вегетациясынын башталышына чейин жүргүзүлүүгө тийиштүү экендиги менен байланыштырат. Ошондуктан жогортодон алынган көчөттөрдү, питомниктин аймагында же бир кыйла

төмөн белгилерде тигүү иштери жакшы натыйжаларды берет. Ал эми төмөнкү бийиктиктен алынган көчөттөрдү, топурактары эртерээк жылып калгандыгына байланыштуу вегетациясы башталып калгандыктан, аларды жогорку чектерге алып барган мезгилде, алардын өнүмдүүлүгү төмөндөп кетиши ыктымал, себеп дегенде аларды жогорудагы топурактардын кыртыштары жакшы жылый элегинде.

Көчөттөрдү өстүрүү үчүн аянттарды, кара, же адаттагы боз жана күрөң топурактуу шорсуз, асты ири кум, майда шагыл төшөлгөн жерлерден тандашат. Кыртышы жакшы өнүккөн, жазында же жайында суу каптабай турган, жер астындагы суулары 2-4 м. тереңдикте жайгашкан жерлерге питомниктер уюштурулат.

Питомниктин ээлеген аймагы тегиз жана түз болууга тийиш, же 5-8 градус түндүк багытындагы жантаймадан орун алып, сугат үчүн ыңгайлуу жакын жайгашкан суулардын болушу талапка ылайык. Мындан тышкары батышка, түндүк-батышка жана түндүк-чыгышка багытталган жантайма беттерди пайдаланууга болот. Башка багытттардагы жантайма беттерди питомник үчүн пайдаланууунун кажети жок, анткени мындай беттерде кыртыштардын үстүнкү катмарлары бир кыйла тез кургап кетип, себилмелердин тамыр моюнчаларынын жана ийне жалбырактарынын күндүн ысыгынан күйүп калышы мүмкүн.

Питомниктин аянты шамалдан, өзгөчө кышкы шамалдан жакшы корголууга тийиш. Эгерде табигый коргоо жок болсо, анда тегерете тыгыз токой тилкелерин отургузуу иштери алдын-ала каралууга тийиш.

Питомник үчүн мурда айыл чарба өсүмдүктөрү эгилип жүргөн (коон-дарбыз, картошка, жүгөрү) аянттарды пайдаланууга болбойт, себеби андай жерлер ар кандай илдеттерге жана зыянкечтерге толуп кеткен (мите козу карындар – фузариум, альтернариа, питиум, ботриас; саратан коңуздары, зым курттар, чыртылдак коңуздун курту ж.б.).

Айта кете турган нерсе, бардык арча алкагындагы топурактардын кыртыштарында азоттун жетишсиздиги байкалат. Ошондуктан арча питомниктерин, мурда кара беде айдалып жүргөн жерлерге жайгаштыруу керек, себеби ал ар дайым топурактын кыртышын азотко байыткан өсүмдүк.

Питомникти пландаштырууда себилме бөлүмүнөн

тышкары школка бөлүмү каралат. Себилме бөлүмү үчүн которуштуруп айдоону алдын-ала кароо зарыл. Анткени арчаны эгүү үчүн бир эле аянтты үч жолдон ашык пайдалануу көчөттөрдүн өндүрүмдүүлүгүнүн кескин төмөндөшүнө (50 пайызга чейин) алып келет.

## Кыртышты иштетүү

Себилме бөлүмүнө караштуу аянттар мурда пайдаланылган болсо, ал аянт айдалгандан кийин, себүү мезгилине чейин, таза, отоо чөптөрү жок абалда кармоо, мезгил-мезгили менен топурактарын майдалап жумшартуу системалары колдонулат. Айдоону эрте жазда соко менен 25-30 см. терендикте жүргүзүшөт. Жайында кыртышты отоо чөп каптап кеткендиктен культивация менен жумшартуу жана жылмалоо иштери жүргүзүлөт. Тамырлары жайылып чачырап кеткен жана тамыр сабактары менен көбөйө турган көп жылдык өсүмдүктөр жаңыдан чыга баштаса, анда аянтты, астында кошумча кескич коңторгучтары бар соколор менен 30 см терендикте айдашат.

Күзүндө себүүгө чейин 5-10 күн калганда аянтты мол сугарышып, кайра айдашкан соң малалашып тегиздешет, эгерде көчөттөрдү өстүрүүнү адаттагы ыкма менен жүргүзүшсө, анда жөөктөрдү тартышат. Эгерде себүү иштери жазында стратификациядан өткөн уруктар менен себиле турган болсо, анда жөөктөрдү себүүнүн алдында даярдашат.

*Дың жерлерди жана аңыздарды иштетүү*. Мындай аянттарды иштетүү андагы өскөн өсүмдүктөрдүн түрлөрүнө байланыштуу болот. Эгерде аянт көп жылдык тамырлары жайылып чачырап кеткен жана тамыр сабактары менен көбөйө турган өсүмдүктөрдөн турса, анда айдоонун алдында 10-12 см терендикте өз-ара перпендикуляр багытта, оор дискалар менен кескилеп жумшартылат. Дискаланган мезгилден эки жума өткөндөн кийин, ошол эле аянтты 30 см терендикте, астында кошумча кескич коңторгучтары бар соколор менен айдашат. Отоо чөптөр пайда болгон сайын аянттар кайра-кайра дискаланат. Эгерде дың жерлерди жана аңыз аянттарын иштетүү эрте жазда жүргүзүлсө, анда жай мезгилинде отоо чөптөр менен күрөшүү үчүн кыртышты бир нече жолу иштетүү жүргүзүлөт. Отоо чөптөрдү тезирээк чыгарып, андан кийин алар менен күрөшүү үчүн себиле турган аянттарды жайында, мол сугаруу керек.

Эгерде аянт күзүндө айдалса, ага мала салынбайт, нымды жакшы сактоо үчүн айдалган аянт аң-дөң бойдон калтырылат. Эрте жазда малалоо, тегиздөө иштери жүргүзүлөт, андан соң питомник аянттары атайын бөлүмчөлөргө бөлүнөт. Питомникте төрт талалуу которуштуруп айдоо алдын-ала каралууга тийиш:

1-жылы – бош, таза аянт (шүдүгөр); 2-жылы – бир жылдык көчөттөр; 3-жылы – эки жылдык көчөттөр; 4-жылы - үч жылдык көчөттөр.

## Питомниктерде жана школкаларда кыртыштарга жер семирткичтерди колдонуу

Питомниктерде кыртышка жер семирткичтерди колдонуу кыртыштын күрдүүлүгүн гана калыбына келтирбестен, көчөттөрдү өстүрүүнүн шарттарын жакшыртууга да түрткү берет.

Жер семирткичтерди натыйжалуу пайдалануу үчүн айрым дарак түрлөрүнүн көчөттөрүнүн, анын ичинде арчанын азыктандыруучу заттарды керектөөсүн, ошондой эле кыртышта ушул заттардын кармалышын билүү зарыл. Питомникте, андагы ар түрдүү кыртыштар белгиленген, тийиштүү адистер тарабынан аткарылган кыртыш картасы, мындан тышкары ошол эле адистер тарабынан даярдалган, тигил же бул, жер семирткичтерди кандай колдонуу керек, аларды берүүнүн мөөнөттөрү жана нормалары жөнүндө сунуштар болууга тийиш.

Практикалык иште чөп жана дарак өсүмдүктөрүнүн сырткы көрүнүштөрү боюнча бул же тигил азыктандыруучу элементтердин жетишпестигин аныктоого болот. Мисалы, ийне жалбырактын жана жалбырактардын агыш-жашыл түсү жана алардын саргарышы азоттун жетишпестигин, ал эми кара-жашыл, кара кочкулданган көк түс, карамтыл, дээрлик кара түс фосфордун жетишпестигин далилдейт. Ткандардын күрөң тартып жана саргарып куурай башташы калийдин, ачык боз-жашыл түс темирдин жетишпегендигин айгинелейт. Бутактардын башында жайгашкан бүчүрлөрдүн жана тамырлардын жабыркашы кальцийдин жетишпестигинен пайда болот.

Арча токойлорунун алкагындагы кыртыштарда көп учурда азоттун жана фосфордун жетишпестиги, алгачкы учурларда өнүмдөр үчүн керектүү жана маанилүү заттардын

жалпы комплексинин, өзгөчө фосфордун жетишпестиги байкалат. Кыртыштагы азыктандыруучу заттардын жетишпестигин ар дайым органикалык жана минералдык семирткчитер менен толуктап туруу зарыл.

Органикалык жер семирткичтер (кык, компост) эрте жазда айдоонун алдында, же күзүндө 1 гектарга 25-30 тонна эсебинде чачылат. Минералдык азоттук жер семирткичтер эки мөөнөттө – апрель айынын акырында – май айынын башталышында (бир эле мезгилде суперфосфат берилет) жана июнь айынын акырында тек гана азоттук семирткичтер берилет (норманын жарымы). Азоттук жер семирткичтер гектарына 0,35-0,6 тонна, ал эми суперфосфат 0,4 тонна эсебинде берилет.

Питомниктерге жер семирткичтерди берүү үчүн жогоруда айтылган сунуштар болжолдуу жана бардык эле жерде керектөөгө ылайык келе бербейт. Питомниктин кыртышынын асылдуулугун илимий-негизде талдоо жана жер семирткичтерди берүүнүн нормаларын жана мөөнөттөрүн аныктоо үчүн кыртыш таануу илиминин адисинин кеңеши зарыл.

## Көчөттөрдү өстүрүүнүн ыкмалары

Азыркы учурда арчанын көчөттөрүн өстүрүүнүн үч ыкмасы сыноодон өттү:

1. ***жөөк ыкмасы***, питомникте көчөттөрдү өстүрүү үчүн аянт жөөктөргө бөлүнөт, ал эми арчанын уруктары жөөктүн үстүнө бир же эки катар себилет.

2. ***чуңкурларга себүү ыкмасы***, чуңкурлар казылып, анын ичине эленген топурактын кыртыш аралашмасына топурактын үстүнкү жумшак катмарлары (перегной) кошулуп толтурулат. Уруктарды себүү туташ жүргүзүлөт.

3. ***жабык тамыр ыкмасы*** менен көчөттөрдү полиэтилен пленкасынан же башка материалдан жасалган баштыкчаларда өстүрүлөт. Баштыкчалар чуңкурларга себүү ыкмасына окшош эле, кыртыш аралашмасы менен толтурулат.

Көчөттөрдү өстүрүүнүн биринчи ыкмасы негизги болуп саналат. Бул ыкма токой чарбалары тарабынан 1964-жылдан бери колдонулуп келе жатат. Мунун мааниси: топурактын

кыртышы алдын-ала даярдалгандан кийин, ал аянттарга жөөктөр, борозчолор салынат.

Арчанын уруктары жөөктүн узуну менен эки катар себилет, ар биринин туурасы 10 см ден, алар жөөктүн четинен 10 см. аралыкта жайгашат. Уруктарды бир катарга сепкен кезде жөөктөрдүн туурасы (үстү боюнча) 30-40 см., ал эми алардын аралыгындагы суу бороздорунун туурасы 20-30 сантиметрди түзсө, терендиги 20 сантиметрге жетет.

Уруктарды эки катарга сепкен кезде, алардын себүү катарлардын туурасы 10 см. жана катарлардын ортосу да ушундай эле өлчөмдө болот. Жөөктүн туурасы үстү боюнча 70 см., жөөктөрдүн аралыгындагы сугат бороздорунун туурасы 30 см. Себүү катарларынын жалпы узундугу ушундай ыкмада 1 гектар аянтта 20 миң погондук метрди түзөт.

Себилүүчү аянттар тегиздөөдөн, малалоодон жана жөөк салынгандан кийин себүү катарлары даярдалат. Ушул жумушту аткаруу үчүн атайын из салдыргычтар (маркер) даярдалат. (пайдаланууга ыңгайлуу болсун үчүн узундугу 50 сантиметрге чейинки жыгач тактага, 2,0-3,0 см жоондуктагы сап сапталат). Мына ушундай из салдыргычтын жардамы менен жөөктүн үстүнкү бетине 2-3 сантиметрге терендетилген себүү катарлары белгиленет. Пайда болгон чуңкурчалардын түптөрү бир аз ныкталган топурак менен тегизделинип калат. Ушул чакан чуңкурчаларга арчанын уруктары болжол менен бир погондук метрге 1000 даанадан себилет. Уруктун сапаты 50% болсо себүү нормасын эки эсеге жогорулатуу керек.

Себилген уруктар топурак менен жабылат, уруктарды себүүнүн терендиги арчанын ар кайсы турлөрү үчүн ар башка болот. Жарым шар арчасы үчүн – 1,0-1,5 см., зеравшан арчасына – 1,2-2,0 см. жана түркстан арчасы үчүн – 2,0-2,5 сантиметрден ашпашы керек. Жайкы-күзгү себүүлөрдө сөзсүз түрдө мулчалар колдонулат. Алар чөптөн, эңилчектен, көбүнчө жыгачтын таарындыларынан турат. Таарындыларды ар дайым пайдалануунун алдында дезинфекциялоо керек. Мулчалардын катмары 2-3 см. болууга тийиш. Жазында аларды алып салса болот.

Себүү иштери бүткөндөн кийин дароо эле жөөктөр лейкалар менен сугарылат, ушул убакта суу бороздору менен сугаруу дайыма эле натыйжалуу боло бербейт. Ошондуктан үстүнөн сугаруунун алдында көп артыкчылыктар бар. Бул

учурда кыртыштын үстүнкү катмарында жаткан уруктар жетиштүү ным алышат.

Сугат иштери тез-тез жүргүзүлүп турушу керек, себеби ал аба ырайынын шарттарына байланыштуу болот. Ушул мезгилдерде аба ырайы кургакчыл болуп, күндүзү температура жогорулап, жамгыр жаабайт. Ар дайым жөөктүн үстүнкү катмарында нымдын болушу, сугат иштери үчүн ар дайым белги катары кызмат кылат. Кыртыштын кыска мөөнөткө кургап кетиши кийинки өнүүмдөргө кескин таасирин тийгизиши мүмкүн. Ошондуктан сугат кеминде 5-7 күн сайын жүргүзүлөт.

Бороздор аркылуу жүргүзүлгөн сугат, ар дайым лейкалар менен толукталып турушу керек.

Жайкы-күзгү себүүдө арчанын уругу жетишээрлик нымдуулукта жана жылуулук менен кычкылтек жетиштүү болгондо алар табигый шарттарда стратификациялоонун биринчи фазасынан (жылуу), андан кийин кыш мезгилинде төмөнкү температураларда экинчи баскычтан (суук) өтүшөт. Мына ушундан кийин, эрте жазда тегиз өнүмдөр пайда болушат.

Жайкы-күзгү себүүлөрдүн кемчилиги чычкан сымал кемирүүчүлөр менен күрөшүүнүн зарылдыгында, эгерде алар менен күрөш жүргүзүлбөсө, алар келечектеги өнүмдөргө бир кыйла зыян келтиришет.

Ошондуктан эрте жаздагы себүүлөрдү стратификациядан өткөн уруктар менен жүргүзүү артыгыраак болот.

Алгачкы өнүмдөрдүн пайда болушу жана күндүн бара-бара ысышы менен өнүмдөрдү бадалдын бутактарынан жасалган калканычтар менен тосушат, бирок өнүмдөргө көлөкө түшүрүүнү 50 пайыздан ашырбоого көз салуу зарыл.

***Көчөттөрдү чуңкурларда өстүрүүнүн ыкмасы.*** Бул үчүн 30-40 сантиметрге чейинки тереңдиктеги жана туурасы 80 сантиметрден ашпаган чуңкурлар казылат. Отоо чөптөр менен күрөшүү максатында чуңкурлардын капталдары полиэтилен пленкасы менен курчалат. Чуңкурлардын сыртына чыккан пленканын учтарын 10-15 сантиметрге бүктөп топурак менен жабышат. Чуңкурлардын узундугу ар кандай болушу мүмкүн, бирок 5-6 метрден ашпаганы максатка ылайык болот. Эгерде алар жетишпей баратса, анда жанынан дагы башка чуңкурларды казуу керек.

Андан кийин майда шагылды жана тамыр сабактары менен көбөйө турган отоо чөптөрдү бөлүү үчүн чуңкурларга салына турган топуракты элешип, ага 50 пайызга чейин топурактын үстүнкү жумшак катмарын (перегной) же чым көң менен толукташат. Даяр болгон топурак аралашмасы чуңкурга тегиз төшөлүп, бир аз ныкталат да, анан суу куюшат. Себүү иштерин адаттагы ыкма жана 30-40 пайызга жогорулатылган норма менен жүргүзүшөт. Эрте жазда жана кеч күздө чуңкурлар полиэтилен пленкасы менен жабылат.

Чуңкурларды бетондон жасап, анын астын бетондоп койсо болот. Мындай учурда көчөттөрдү чуңкурлардын топурагынан оңой эле казып алууга болот, алардын тамырлары көп кесилбей толук бойдон чыгат.

Көчөттөрдү үшүк алуудан жана мөндүрдөн сактоо үчүн чуңкурлардын үстүнө бийиктиги 1,5-2,0 метр болгон темир догоолор орнотулуп, аларга полиэтиленден жапкычтар тартылат. Полиэтилен жапкычтары эрте жаздан тартып 1,5-2,0 ай чамасында, кескин температуралык өзгөрүүлөр токтолуп, аба ырайы туруктуу жылуу болгонго чейин пайдаланылат.

Полиэтилен жапкычы кеч күздө туруктуу суук түшкөнгө 1-1,5 ай калганга чейин пайдаланылат. Андан кийин жапкычтар жазга чейин жыйналып коюлат.

Себилмелер ар дайым лейкалар менен сугарылат. Эгерде акырын жылжытып сугарыла турган болсо, чуңкурларга 2-3 см. бийиктиктеги жөөктөрдү, ал эми катар аралыктарында 2-3 см. тереңдиктеги кичине арыкчаларды жасоо керек.

Жайында – полиэтилен жапкыч алынгандан кийин, алардын ордуна чырпыктан жасалган далдоолор же болотнай өңдүү материалдар менен көлөкөлөтүү зарыл, мында күндүн жарыгынын төмөндөшү 50 пайыздан жогору болбоого тийиш.

***Арчанын көчөттөрүн жабык тамыр ыкмасы менен өстүрүү.*** Бул үчүн ар түрдүү баштыкчалар пайдаланылат (полиэтилен пленкасынан, ламинацияланган кагаздан жана башка материалдан жасалган баштыкчалар, ошондой эле пластмассадан, металлдан жасалган көп жолу пайдаланылуучу контейнерлер). Биз азыркы экономикалык шарттарда ортосуна чейинки аралыкта тешиктери бар полиэтилен баштыктарын сунуш кылабыз.

Өзбек илимпоздору аныктагандай ушундай

баштыктардын оптималдуу өлчөмдөрүнүн бийиктиги 25 см. туурасы 15 см. Көчөттөр 2-3 жылдык мезгилге жеткенге чейин баштыктардын өлчөмү көчөттөрдүн өсүшүнө жана өнүгүшүнө терс таасирин тийгизбейт. Чоң көчөттөр үчүн чоңураак өлчөмдөгү баштыктар талап кылынат.

Ар кандай контейнерлерди толтуруу үчүн эленген кыртыштын топурак аралашмасы пайдаланылат (майда шагылдар жана тамыр сабактары менен көбөйө турган отоо чөптөр жана башка кошундулар бөлүнүп салынат), ага токой топурагынын үстүңкү жеңил катмары кошулат. Арча зонасынан алынган тайыз кыртыштуу кунарсыз топурака, токой топурагынын үстүңкү жеңил катмарын кошу, 50 пайызды түзөт.

Топурак аралашмасын чуңкурлардын жанына, контейнерлер орнотула турган жерлерге даярдашат.

***Чуңкурларды даярдоо.*** Баштыкчаларды орнотуу үчүн чуңкурлар тегиз же бир аз жантак жерде жасалат. Чуңкурдун жазылыгы 80 сантиметрден ашпайт, себеби чуңкурлардагы көчөттөрдү карап, отоо чөптөрдөн арылтууга жакшы мүмкүнчүлүктөр түзүлөт.

Чуңкурлардын узундугу контейнерлердин санына жараша болот. Адатта чуңкурдун бир чарчы метрине 80-100 контейнер жайгаштырылат. Чуңкурлардын тереңдиги 25 см. анткени контейнерлер жер бети менен бирдей деңгээлде турушу керек.

Чуңкурларга тамыр сабактары менен көбөйө турган отоо чөптөр кирип кетпеши үчүн чуңкурлардын капталдарына полиэтилен пленкалары тартылат.

Чуңкурларды бетондон тургузуп, алардын түбүн сөзсүз түрдө бетондоо менен, отоо чөптөрдүн пайда болушуна бөгөт коюлат.

Контейнерлерди кыртыш аралашмасы менен толтуруу үчүн, түбүндө ичкээрэк түтүкчөсү бар идиштер колдонулат. Түтүктүн оозуна баштыкчалар кийгизилет. Милдеттүү шарт – топурак аралашмасын баштыкчага жакшы тыгыз ныктоо керек. Бул натыйжада, көчөттөр өсүп чыккан контейнерлерди бир жерден экинчи жерге которууда, алардын ичиндеги топуракта жарака кетип, көчөттөрдүн тамырларынын үзүлүшүнө жол бербейт. Контейнерлерге топурак өтө толтурулбай 2,5-3,0 сантиметрге кем салынышы керек.

***Чуңкурларга контейнерлерди орнотуу***. Контейнерлердин жогоруда көрсөтүлгөн өлчөмдөрүнө карай, бир чарчы метрге 80-100 даана контейнер орнотулат.

Контейнерлер чуңкурларга сөзсүз тикесинен бири-бирине тыгыз коюлууга тийиш. Ал эми арасындагы боштуктар топурак аралашмасы менен толтурулат.

Уруктарды себүү, аларды топурак менен жабуу, мулчалоо, чуңкурларда орнотулган контейнерлерде жүргүзүлөт.

Өзбек коллегалар тарабынан сунуш кылынган арчанын өнүмдөрүн контейнерлерге отургузуу ыкмасы, өнүмдөрдүн өтө аз санда өнүгүшүнө байланыштуу, жакшы натыйжаларды берген жок. Ошондуктан ар бир контейнерге 3-5 даанадан урук себиш сунуш кылынат. Андан ары аларды багып кароодо жана башка жерге которууда, баштыкчадагы ашыкча чыккан көчөттөрдү (начар өскөндөрүн) жулуп албастан, кылдаттык менен кесип таштоо керек. Себеби мында баштыктагы топурактын бүтүндүгү бузулбайт.

Контейнерлерге уруктарды себүү питомниктегидей эле мөөнөттөрдө жүргүзүлөт. Контейнерлердеги топурактын үстү тегизделип ныкталат. Сапаты биринчи жана экинчи класстагы арчанын уруктары себилип, аларды 1,0-1,5 см. калыңдыкта топурак аралашмасы менен жабылып, таарындылар менен мулчалайт.

Уруктар себилип бүткөндөн кийин контейнерлер турган чуңкурларды далдоолор менен жабышат, андан ары сугаруу жана отоо чөптөрдөн арылтуу иштери улантылат. Сугаруу иштери өтө тактык менен, контейнерлердеги топурактардын кургап кетишине бөгөт кою үчүн, тек гана лейкалар менен жүргүзүшөт. Эрте күздөгү жана кеч жаздагы үшүк жүрүүнүн таасири тийбесин үчүн чуңкурларды пленкалар менен жабышат.

Бул арчанын өнүмдөрүн тек гана үшүк жүрүүдөн сактабастан, аларды, канаттуулардын чокуп жеп кетишинен да сактайт. Полиэтилен пленкасын колдонуу вегетациялык мезгилдин узака созулушун арттырат, ошону менен бирге өсүмдүктөрдүн өсүшүн тездетет. Ал эми ысыктын келиши менен пленкаларды алып салып, себилмелерге далдоолор менен көлөкө түшүрүлөт. Мында күндүн жарыгынын 50 пайызын гана колодонуу керек.

Себилмелерге ар дайым такай көз салып, чуңкурларды пленка менен жапкан учурда, ашыкча ысып жана топурактардын кургап кетишине жол бербөө зарыл.

### Көчөттөрдү багып өстүрүү

Көчөттөрдү өстүрүүнүн бардык ыкмаларында себилмелерди үлгүлүү шарттарда сактоо үчүн кыртыштын 25-30 см. катмарын ар дайым ным сыйымдуулуктун 65-85 пайыз чегинде кармоо керек, ошон үчүн сугатты дайыма өз убагында жүргүзүү өтө маанилүү. Бул үчүн сугаттын оптималдуу нормасын гектарына 350-400 кубометрге жеткиргенде гана жетишүүгө болот. Ушундай нымдуулуктун режимине, сугат аралыгы 10 күндү, ал эми вегетация мезгилинин экинчи жарымында (бир кыйла кургак жана ысык убакта) 5-7 күндөн турганда жетишүүгө болот.

Мындай сугат көчөттөрдү өстүрүүнүн катардык жана чуңкур ыкмасы үчүн алгылыктуу болуп, өнүмдөр чыккан кыртыштын үстүңкү катмарын лейкалар менен сугаруу аркылуу толукталат. Анткени көп учурда катар аралыктардын суу борозчолору менен суу жибергенде, уруктар жаткан кыртыштын эң үстүңкү катмарлары дайыма эле нымдала бербейт. Көчөттөрдү өстүрүүнүн контейнердик ыкмасы тек гана лейкалар менен же болбосо суу чачкычтар менен сугарууну талап кылат.

***Отоо чөптөрдөн арылтуу***. Вегетациялык мезгилде катар арлыктардагы топуракты жумшартууну 6-8 жолу жана катарлардагы отоо чөптөрдү 5-6 жолу отоо зарыл.

Чуңкурларда жана контейнерлерде отоо иштери тек гана кол менен жүргүзүлөт, болгону арчанын себилмелерине өтө катуу таасир тийгизүүчү өсүмдүктөрдү гана отоо керек. Ошону менен бирге себүүнүн бардык ыкмаларында баштыкчалардагы топурактарды жумшартуу чектелет, себеби өнүмдөр коюу чыкканда алардын да, өзгөчө ар түрдүү себептер менен алигиче чыга электеринин тамырларына да зыян келтириши мүмкүн.

Алгачкы өнүмдөр чыкканда, өзгөчө күн тийген жылуу күндөрдө, аларга чырпыктан жасалган далдоолор, же башка ыкма менен көлөкө жасалат. Бул арчанын назик өнүмдөрүн күнгө күйүп калуудан жана чымчыктардын чокуп кетишинен сактайт.

Полиэтилен менен жабылган чуңкурлардагы жана контейнерлердеги пленкалар алынып ташталат, эгерде катуу жаан-чачын же сууктун болушу эскертилген учураларда же абанын температурасы кескин түрдө төмөндөгөндө себилмелер, түнкүсүн пленка менен жабылып коюлат, аба ырайы ачылып кетсе пленкалар кайрадан алынат. Эрте жаз жана кеч күз мезгилдеринде жабылган пленка бир суткага же андан да көп убакытка калтырылат. Мындан тышкары аба ырайына такай байкоолорду жүргүзүү керек. Анткени пленканы жабуудан же алып таштоодон бир аз убакытка кечигүү өнүмдөрдүн абалына бир кыйла терс таасир тийгизиши мүмкүн.

Көчөттөрдү, өзгөчө бир жылдыктардын, жазында топурак кыртыштары жибий баштаган мезгилде, тамырлары топурактан суурулуп чыгып калбашы үчүн, аларды коргоонун негизги ыкмасы кеч күздө таарындылардын 2-3 см. калыңдыктагы катмары менен жаап мулчалап кою болуп саналат.

Өстүрүлгөн көчөттөрдү эгилме токой аянттарына отургузуу иштери, көчөттөрдү өстүрүүнүн аяктоочу учуру болуп саналат. Арчанын уруктарын адаттагыдай катарлап сээп өстүрүү үчүн 3-4 жыл талап кылынат. Ал эми чуңкур ыкмасы менен ушул иштн 3 жылда, контейнердик ыкма менен 2 жылда бүтүрүүгө болот.

## Көчөттөрдү казып алуунун мөөнөттөрү

Көчөттөрдү казуу иштери катардык жана чуңкур ыкмаларында жылдын аба ырайынын шарттарына жараша болот, мүмкүн эрте жазда же кеч күздө, б.а. эгилме токой аянттарына отургузуу иштеринин алдында жүргүзүлөт.

Көчөттөрдү казып алуу жазгы отургузуу иштеринде, алардын вегетация мезгили башталганга чейин, кар эригенден кийин дароо башталат. Ал эми алар күзүндө отургузула турган болсо, аларды казып алуу иштери, катуу үшүк жүргөнгө чейин, күзгү жамгырлардын мезгили башталган мезгилде, б.а. вегетация бүтөөрү менен кар жааганга чейин жүргүзүлөт.

Питомниктерди эгилме токой аянттардан жогору жайгаштыруу максатка ылайык болот. Анткени вегетациянын башталышынын кечигиши төмөн жакта жайгашкан эгилме токой аянттарга отургузулган көчөттөрдүн жакшы өсүп

өнүгүшүнө жана сакталып калышына шарттарды түзөт.

Казылып алынган майда жана ири көчөттөрдүн тамыр системаларын зыянга учуратпай, топурактан кылдаттык менен сууруп, жабышкан топурактарынан бир аз арылтып, тамырларынын кургап кетишине жол бербей, шамаалдан жана күн нурунан калкаланган көлөкө жерлерде сорттошот.

Стандарттык көчөттөрдүн бийиктиги 15-20 см., тамыр моюнчасынын диаметри 4-6 мм. Аларды 100 даанадан боолап байлашып, тамырларынын узундугун 25-30 сантиметрге чейин калтырып, калганын кесип убактылуу көмүп коюшат. Андан кийин алады сугарышат, эңилчек, саман, таар же брезент менен жабышып, күндүн нурунан сакташат.

Стандартка жетпеген көчөттөрдү питомниктин школка бөлүмдөрүндө кайрадан кошумча түрдө өстүрүүгө калтырышат. Жабык тамырлуу көчөттөрдү жылдын баардык мезгилинде пайдаланууга болот, алар жогорку өнүмдүүлүктү берет, ошентсе да алардын отургузуу мезгили эрте жаз же кеч күз болуп саналат.

### Арча көчөттөрүнүн зыянкечтери жана илдеттери менен күрөшүүнүн чаралары

Бул иштер питомниктерден стандарттагы көчөттөрдү алууда колдонула турган өтө орчундуу чаралардан турат.

Арчанын себилмелеринде кездеше турган өтө коркунучтуу илдет – себилмелердин жерге жатып калышы болуп саналат (полегание сеянцев). Бул илдет байкала баштаганда, алардын уюткуларын тезинен жоготуу керек, жөөктөр маргансовканын 0,5 %, формалиндин 0,15 %, болгон эритмелерин 1 м2 аянтка 6-10 литрден куюлуп, илдеттен тазартылат.

Көп учурда себилмелер Fusarium түрүндөгү козукарын менен жабырланат. Бул илдеттин мүнөздүү белгиси өнүмдөрдүн массалык же жеке түрдө жерге жатып, жапырылып же кургап калышы саналат. Күрөшүүнүн чаралары - профилактикалоо максатында, мите козукарындан пайда болгон илдеттин (фузариоз) алгачкы белгилери пайда болгондо марганец-кычкыл калийдин 0,5 % эритмеси менен уруктарды жана себилмелерди иштетүү.

Илдеттин козгогучу жандуу өсүмдүктөрдө, уруктарда

жана кыртышта сакталат. Кыртышта козукарын (гриб) өзүнүн өнүгүшүнүн бардык стадияларында 5 сантиметерден 30 сантиметрге чейинки терендикте кездешет жана жашоого жөндөмдүүлүгүн узакка улантат. Бул илдет уруктардын жана тамырлардын чиришин, өнүмдөрдүн жана өсүмдүктөрдүн соолушун пайда кылат. Илдет өнүмдөр чыккандан кийин сөңгөкчөлөрү катканга чейинки алгачкы айларда бир кыйла коркунучтуу.

Арча өсүмдүгүн фузариоздон коргоонун негизги ыкмалары активтүү ыкма болуп саналат, б.а. илдеттин козгогучун активтүү иштөө учурунда химиялык препараттар менен жогорку агротехника менен айкалыштырып жок кылуу эсептелинет.

Болжол менен өнүмдөр чыкканга чейин 10 күн мурда себүү аянтын фунгициддер менен иштетүүнү жүргүзүү сунуш кылынат. Активтүү күрөшүү үчүн тилт - гектарына 0,5 литр чыгымдоо нормасы менен 25 пайыздуу концентрацияланган эмульсия жана фолликул – гектарына 0,7 литр чыгымдоо нормасы менен 25 пайыздуу концентрацияланган эмульсия колдонулат. Ошондой эле ушул фунгициддерди мезгил-мезгили менен кезектештирүү сунуш кылынат. Ушул фунгициддерди колдонуу илдеттин өнүгүшүн токтотуп турат, алар арча өсүмдүктөрүнө карата фитотоксикалуулукка ээ эмес. Ошону менен бирге өсүмдүктөрдүн фузариоз менен бузулушу иштетилбеген аянттарга салыштырганда 3-4 эсеге төмөндөйт.

Чычкандарга жана канаттуларга каршы тиешелүү чаралар колдонулбаса алар себилмелерди түп тамыры менен жоготушу мүмкүн. Ошондуктан алар үчүн ар кандай алдын-ала чаралар көрүлөт: питомниктердин айланасына тик арыктарды казуу жана ууланган заттарды колдонуу. Арыктар тик абалда казылып, терендиги жана туурасы 50 см ди түзөт. Колдонулган химиялык уу заттардан глифтора жана фосфид цинк жакшы натыйжаларды берет. Уу заттарын даярдоо үчүн будай дан азыктары алды менен өсүмдүк майына чыланып, андан кийин 4,5 % теги фосфид цинк, же болбосо 0,5-0,7 % теги глифтора менен аралаштырылат. Мындан тышкары кемирүүчүлөргө каршы өтө эле жакшы натыйжаларды бере турган уулу заттар – чычкандарга ар кандай ооруларды таркатуучу бактериялык азгыргыч заттар болуп саналат.

Мындай уу заттарды жазында уруктарды себүү алдында жана өнүмдөр жаңыдан пайда боло баштаган мезгилде, коопсуздук эрежелерди так колдонуп, тегерете казылган тик арыктардын ичине жана жөөктөргө таштап коюшат. Арчанын себилмелери жаңыдан өнүп чыга баштаганда, уруктардын кабыктары алар менен кошо көтөрүлүп, даана көрүнө баштайт, аларды канаттуулар чокулап, жеп кетишинен сактоо үчүн кароолдор коюлуп, коркутуп үркүтө турган каракчылар орнотулат.

Чычкан өңдүү кемирүүчүлөр арчанын себилмелерине, өзгөчө жайкы-күзгү себүүлөрдө бир кыйла зыян келтиришет. Күрөшүү чарасы питомниктин аянтына цинк фосфидин, келемишке каршы дарыдан жана башка ууландыруучу заттардан таштоодо жатат. Мындай ууланган заттардан канаттуулар, айыл чарба айбанаттары жана башкалар пайдаланбай тургандай кылуу керек, б.а. уу заттарды тек гана кемирүүчүлүр жей турган абалда бекитип коюу керек. Ал эми 5-10 күндөн кийин уулу заттар текшерилет. Эгерде ташталган уу заттар желбестен, себилмелер жабырлана берсе, анда аларды алып таштап, башка уулу заттарга алмаштырылышы керек. Арадан 15 күн өткөн соң уулу заттардын калдыктары чогултулуп жок кылынат.

Себилмелерге өсүмдүктөрдүн тамырларынын зыянкечтери - чыртылдак коңуздар, күздүк көпөлөк жана бүтүндөй бир катар курт-кумурскалар чоң зыян келтиришет. Өсүмдүктөрдүн тамырларынын жабыр тартканынын белгилери – тамыр моюнчасынын ичкерип кетиши, өнүмдөрдүн саргарышы жана кургап калышы.

Күрөшүүнүн чаралары – айдоонун, топурак аралашмасынын даярдоонун алдында, Кыргызстанда колдонулуп жаткан нускоолорго ылайык, топурактын кыртышын дарылар менен дезинфекциялоо жүргүзүшөт.

Топуракта жашаган ар кандай зыянкеч курттарга каршы (саратандар, зым курттар), 7% теги гранулданган хлорофосту, инструкциялардын негизинде урук себилүүгө 10-15 күн калганда айдоолуучу аянттарга чачышып, 10-12 см тереңдикте айдашат.

**Издается:**
Представительством Швейцарского Фонда
по Развитию и Международному Сотрудничеству
"Intercooperation" в Кыргызской Республике

Офис Представительства
Бишкек, 720000, а/я 2011
Кыргызская Республика
Тел/факс: (+996 312) 67 96 34; 67 90 57
e-mail: lesic@elcat.kg
www.intercooperation.kg

**А.В. КОСМЫНИН**

# РЕКОМЕНДАЦИИ
## ПО ВЫРАЩИВАНИЮ ПОСАДОЧНОГО МАТЕРИАЛА АРЧИ В ПИТОМНИКАХ

## ПИТОМНИКТЕРДЕ АРЧА КӨЧӨТТӨРҮН ӨСТРҮҮ БОЮНЧА
# КОЛДОНМО

Тираж 100 экз. Формат 60 х 84/16. Объем 3,5 п.л.

Издательство «Айат».
г. Бишкек, ул. Тоголока Молдо, 60

**Издается:**
Представительством
Швейцарского Фонда по
Развитию и Международному
Сотрудничеству
"Intercooperation"
в Кыргызской Республике

Inter cooperation
*Кыргызстан*
Управление природными ресурсами
Сельская экономика
Местное самоуправление и гражданское общество

Офис Представительства
Бишкек, 720000, а/я 2011
Кыргызская Республика
Тел/факс: (+996 312) 67 96 34; 67 90 57
e-mail: lesic@elcat.kg
www.intercooperation.kg

При финансовой поддержке:
Швейцарского Управления
по Развитию и Сотрудничеству - SDC

DEZA DIREKTION FÜR ENTWICKLUNG UND ZUSAMMENARBEIT
DDC DIRECTION DU DÉVELOPPEMENT ET DE LA COOPÉRATION
DSC DIREZIONE DELLO SVILUPPO E DELLA COOPERAZIONE
**SDC SWISS AGENCY FOR DEVELOPMENT AND COOPERATION**
COSUDE AGENCIA SUIZA PARA EL DESARROLLO Y LA COOPERACION